**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ШААРДЫК**
**АЙМАКТЫК**
**ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ГОРОДСКАЯ**
**ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ**
**ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИ**

722720, Кыргыз Республикасы,
Талас шаары, К.Нуржанов көчөсү №18
тел./ факс:: +996 (3422)5-20-83

**adm45@bishkek.gov.kg**

722720, Кыргызская Республика,
город Талас, улица К.Нуржанова №18
тел./ факс: +996 (3422) 5-20-83

**adm45@bishkek.gov.kg**

# ЧЕЧИМ №18

**2024-жылдын 06-ноябры** **Талас шаары**

**«Ынтымак» саясий партиясынын ыйгарым укуктуу өкүлү Н.М. Джумашовдун 2024-жылдын 28-октябрындагы чыгыш №16 сандуу арызы жөнүндө**

2024-жылдын 28-октябрында «Ынтымак» саясий партиясынын ыйгарым укуктуу окулу Н.М. Джумашовдун арызы келип тушкөн **.**

**Мында, Бакмурат Токтогулов** деген “Facebook” тармагынын колдонуучусу тарабынан “Ынтымак” саясий партиясынан Талас шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкерлигин көрсөтүп жаткан **Ажибекова Кундуз Самарбековнанын** карата, интернет булактарына ар намысына шек келтирген жалган маалыматтарды жайылтылып жатат деген билдирүү түшкөн.

Жогоруда аталган “Facebook” тармагынын колдонуучусу **Бакмурат Токтогуловдун** интернет-аккуанту кимге таандык экени белгисиз болгондуктан, өздүгүн тастыктоо максатында Талас шаардык Ички иштер бөлүмүно жөнөтүлгөн.

Талас ШИИБден укук бузуу белгилери болбогондукутан Талас ШИИБдин КККТы НД-068-2024-111112 саны менен чыгышталган материалды караштуулугу боюнча сиздерге жөнөтөбүз деген жооп келген.

Жоопкерчиликке тартылуучу Бакмурат Токтогулов баракчасынын колдонуучусунун өздүгүн аныктоо мумкун болбогондуктан арыз кароосуз калтыруулуга жатат.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-21-беренелерин, Борбордук шайлоо комиссиясынын 2020-жылдын 11-февралындагы №41 токтому менен бекитилген “Шайлоо комиссияларынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып, Талас шаардык аймактык шайлоо комиссиясы

**ЧЕЧИМ кылат:**

1.«Ынтымак» саясий партиясынын ыйгарым укуктуу өкүлү Н.М. Джумашовдун арызы кароосуз калтырылсын.

2. Арызда көрсөтүлгөн маселени чечүү үчүн, “Ынтымак» саясий партиясынын ыйгарым укуктуу өкүлү Н.М. Джумашовду, жарандык тартипте сотко кайрылуусун сунуштайбыз.

3. Бул чечимдин аткарылышын контролдоо аймактык шайлоо комиссиясынын катчысына жүктөлсүн.

4. Бул чечимдин көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жөнөтүлсүн.

**АШКнын төрагасы** **С. Ташыбеков**